ПРОФЕССИОНАЛЬНОМУ ОБРАЗОВАНИЮ – НАУЧНОЕ СОПРОВОЖДЕНИЕ
КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ИЛИМИЙ КОШТОЛУУСУ

# БИЛИМ ТАРБИЯ КЕСИП

№7
**МАЙ**



Кесиптик көндүмдөр - келечекке ишеним!

# Бул санда:

1. 1-МАЙ ЭМГЕКЧИЛЕРДИН ЭЛ АРАЛЫК КҮНҮ
2. 5 – МАЙ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯ КҮНҮ.
3. УЛУУ ЖЕҢИШТИН ДАҢКЫ ӨЧПӨЙТ.
4. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИК.
5. РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУНДА ӨТКӨРҮЛГӨН ТЕГЕРЕК СТОЛ.
6. КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ БОЮНЧА ЛИЦЕЙЛЕРДЕ ӨТКӨРҮЛГӨН “АЧЫК ЭШИКТЕР КҮНҮ”.
7. “КИТЕП КЕРБЕНИ” – ТАЛАС ЖЕРГЕСИНДЕ.
8. ОШ ШААРЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН“ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИК” КУРСУ.
9. БАТКЕНДЕ ӨТКӨРҮЛГӨН КЕЗЕКТЕГИ БИЛИМДИ ЖОГОРУЛАТУУ КУРСУ.
10. МУГАЛИМДЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ КУРСУ.
11. “ЭМГЕК – АДАМДЫН ЖАШООСУНДА” АТТУУ ТЕМАДА ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК ЭССЕ СЫНАГЫНЫН ЭКИНЧИ ЭТАБЫНЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ.
12. “МЕНИН КЕЛЕЧЕКТЕГИ КЕСИБИМ” ТЕМАСЫНДАГЫ СҮРӨТ СЫНАГЫ
13. АКЫРКЫ КОҢГУРОО САЛТАНАТЫ.
14. НАКЫЛ КЕПТЕР



# 1-МАЙ

## ЭМГЕКЧИЛЕРДИН ЭЛ АРАЛЫК КҮНҮ.

Биринчи май Кыргызстанда эмгек майрамы катары белгиленет. Тарыхка кайрылсак, 1919-жылы Пишпек шаарында биринчи жолу эмгекчилердин салтка айланган парады менен коштолгон. Эгемендик алган жылдардан бери бул күн жаздын жана эмгектин белгиси катары майрамдалат. Ар бир жаран ак эмгеги менен өлкөнү, анын ичинде үй бүлөсүн чыңдоого аракет кылышы керек экендиги айтылат.



# 5 – май Кыргыз Республикасынын Конституция күнү.






1993-ЖЫЛДЫН 5-МАЙЫНДА ӨЛКӨНҮН ЖАҢЫ КОНСТИТУЦИЯСЫ КАБЫЛ АЛЫНГАН. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫНЫН КАБЫЛ АЛЫНГАНЫНА 31 ЖЫЛДЫГЫ БЕЛГИЛЕНИП ЖАТАТ.

КОНСТИТУЦИЯ БОЮНЧА КЫРГЫЗСТАНДА БИР ЖАГЫНАН КҮЧТҮҮ ПРЕЗИДЕНТ, ЭКИНЧИ ЖАГЫНАН ЧЕЧҮҮЧҮ РОЛГО ЭЭ БОЛГОН ПАРЛАМЕНТ БОЛУП, БИЙЛИКТИН ТЕҢ САЛМАКТУУЛУГУН САКТАП ТУРГАН. БИРОК БУЛ ТЕҢ САЛМАКТУУЛУК КӨПКӨ САКТАЛГАН ЖОК. АЗ ӨТПӨЙ ЭЛЕ КЫРГЫЗ КОНСТИТУЦИЯСЫ ОНДОП-ТҮЗӨӨЛӨРГӨ ДУУШАР БОЛДУ.

БАШ МЫЙЗАМ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭРКИН МҮНӨЗҮНӨ, УЛУТТУК НАМЫСЫНА ШАЙКЕШ КЕЛИП, АТА-БАБАЛАРДЫН КӨӨНӨРГҮС МУРАСЫН ЖАНДАНТЫП ЖАНА БАЙЫТУУГА, ЖАРАНДАРЫБЫЗДЫН ЖАРАТМАН ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШИНЕ ДЕМӨӨР БОЛОТ. АНДАН ТЫШКАРЫ ӨЛКӨБҮЗДҮН МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮН, АНЫ МЕНЕН БИРГЕ АР БИРИБИЗДИН УКУКТАРЫБЫЗДЫ ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИБИЗДИ КЕПИЛДЕГЕН НЕГИЗГИ ДОКУМЕНТ. АНДЫКТАН, ЭРКИН МАМЛЕКЕТТИН СИМВОЛУ, ӨЛКӨНҮН ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЖАНА АР БИР АДАМДЫН ЖАШОО САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУНУН ПАЙДУБАЛЫ БОЛГОН КОНСТИТУЦИЯБЫЗДЫ КӨЗҮБҮЗДҮН КАРЕГИНДЕЙ САКТАЙЛЫ.

ДЕМЕК, КОНСТИТУЦИЯ – БУЛ МАМЛЕКЕТТИН ПАСПОРТУ. АР БИР ЖАРАН АЛ ҮЧҮН ӨЗДҮГҮН ТАСТЫКТООЧУ ДОКУМЕНТИН АЛУУ КАНЧАЛЫК МААНИЛҮҮ БОЛСО, МАМЛЕКЕТ ҮЧҮН ДАГЫ ӨЗҮНҮН АЛГАЧКЫ КОНСТИТУЦИЯСЫН КАБЫЛ АЛУУ ОШОНЧОЛУК МААНИЛҮҮ. ОШОЛ СЕБЕПТЕН, БУЛ КҮНДҮ ЖӨН ГАНА МАЙРАМ ЖЕ ДЕМ АЛЫШ КҮН КАТАРЫ ЭМЕС, ЗАМАНБАП МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮН БАШАТЫ КАТАРЫ КАРАГАНЫБЫЗ ТУУРА БОЛОТ. ЭҢ БАШКЫСЫ, КОНСТИТУЦИЯБЫЗДЫН КЫНТЫКСЫЗ ИШТӨӨСҮН КАМСЫЗДООГО ЖАПА ТЫРМАК АРАКЕТ ЖАСАЙЛЫ. АНЫН БААЛУУЛУКТАРЫН ЖАЙЫЛТАЛЫ.



# Улуу Жеңиштин даңкы өчпөйт!




БЫЙЫЛ УЛУУ ЖЕҢИШТИН 79 ЖЫЛДЫГЫ БЕЛГИЛЕНДИ. "СОГУШ" ДЕГЕН СӨЗ КУЛАККА КАНДАЙ ЖАГЫМСЫЗ УГУЛАТ. БИРОК АЛ КАНЧАЛАГАН ЭР-АЗАМАТТАРДЫН КҮЧҮН СЫНАП, БААТЫРГА АЙЛАНТТЫ. БААТЫРЛАР, ПАТРИОТ АДАМДАР ЖӨНҮНДӨ КАНЧАЛАГАН ЫРЛАР, АҢГЕМЕЛЕР, РОМАН-ПОВЕСТТЕР ЖАРАЛБАДЫ.

ЭЛ ҮЧҮН ДЕП СОККОН КЫРГЫЗ ЖҮРӨГҮ,
УНУТПАСТАН АНЫ АЙТЫП ЖҮРӨЛҮ.
КАНА, КУРБУМ, БҮГҮН СЕН ДА ЭСТЕЧИ,
КИМДИН СОКПОЙТ КЫРГЫЗ ҮЧҮН ЖҮРӨГҮ.

– ДЕМЕКЧИ АПАЛАРЫБЫЗДЫН КӨЗ ЖАШЫ, АТАЛАРЫБЫЗДЫН ЭСЕПСИЗ ТӨГҮЛГӨН КАНЫ, САНСЫЗ ӨЛҮМҮ АРКЫЛУУ КЕЛГЕН УЛУУ ЖЕҢИШТИ ТҮБӨЛҮК БЕК САКТАЙЛЫ. УШУЛ БЕЙПИЛДИКТИ БЕРГЕН АТА-АПАЛАРЫБЫЗГА ТҮБӨЛҮК ТААЗИМ КЫЛАЛЫ. ЭРДИГИҢЕРГЕ ТААЗИМ!!! ТҮБӨЛҮК ДАҢК! ЖАШАСЫН УЛУУ ЖЕҢИШ!





ЗОР ЖЕҢИШКЕ КУЧАК ЖАЙДЫ САЛТАНАТ,
НАРИСТЕДЕЙ КҮЛКҮ ЧАЧТЫ ЧАР ТАРАП.
БАРДЫГЫНА ТЕГИЗ ТИЕ БАШТАДЫ,
БАКЫТ НУРУ, ЖЕҢИШ НУРУ ЖАРКЫРАП.

КУБАНГАНДАН ААЛАМ КӨЗҮН ЖАШТАДЫ,
ЖЕР ЖАРАТЫ КАЙРА АЙЫГА БАШТАДЫ.
ФАШИЗМДИН АЖАЛ ТУУСУН БИЗДИН ЭЛ,
МЕКЕНИМДИН ТАМАНЫНА ТАШТАДЫ.

БААТЫРЛАР ЖОК КЫЛЫШТЫ ЭЛГЕ КЕЛГЕН КЕЙИШТИ,
БҮТ АТКАРЫШТЫ ЭЛ ТИЛЕГИН НЕГИЗГИ.
БЕЛЕК КЫЛЫП БЕРИШТИ ЭЛГЕ ТЫНЧТЫКТЫ,
БЕЛЕК КЫЛЫП БЕРИШТИ ЭЛГЕ ЖЕҢИШТИ.

# Педагогикалык чеберчилик.

Үстүбүздөгү жылдын 25-мартынан 3-апрелине чейин кесиптик орто билим берүү окуу жайларынын педагогикалык кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча "Педагогикалык чеберчилик" курсу өткөрүлдү. Аталган курс Республикалык илимий методикалык борбордун кесиптик орто билим берүү 2024-жылга карата түзүлгөн иш-планынын негизинде өттү. Бул жолу курска Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдындагы юридикалык колледжинин администрациясынын өтүнүчү менен аталган колледждин педагогикалык кызматкерлери гана катышты. Угуучулардын саны-26



Курстун негизги максаты – окутуучулардын педагогиканын жана психологиянын негиздерин азыркы талапка ылайык үйрөнүүлөрүн камсыз кылуу, педагогикалык чеберчиликтерин өнүктүрүү, инклюзивдик билим берүү боюнча кеңири маалыматтарды алуу, окуу процессинде заманбап педагогикалык жана маалыматтык технологияларды пайдалануу менен билим берүүнүн сапатын арттырууну камсыздоо.

Окуу планына жана түзүлгөн программага ылайык курска педагогика илимдеринин доктору, профессор К.Д. Добаев, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент А.Р.Кыдыралиева чакырылды. Курс абдан жогорку уюштуруучулук деңгээлде өткөрүлдү. Мындан тышкары "Педагогикалык башкаруунун чеберчилиги" – тренер Р.И. Насиппаева жана "Инклюзивдик билим берүү" – тренер Б.А. Абдылдабеков өткөргөн сабактар окутуучулар тарабынан абдан жогору бааланып, зор кызыгуу менен кабыл алынды.



Курстун жүрүшүндө угуучулар ар бир сабакка активдүү катышып, өздөрүнө азыркы кесиптик орто билим берүүдөгү заманбап ыкмаларды жана зарыл билимдерди, түшүнүктөрдү, маалыматтарды алышты. Айрыкча "Практикалык көндүмдөрдү бышыктоо" максатында РИМБ де "Алдыңкы тажрыйба борбору" болгон Бишкек шаарындагы "Курулуштагы архитектура жана менеждмент" колледжинде өткөрүлгөн практикалык сабак угуучулардын зор кызыгуусун жаратты. Бул практикалык сабактан окутуучулар маалыматтык технологияларды сабактарда пайдалануу боюнча абдан зарыл болгон билимдерди, түшүнүктөрдү алышты.

Электрондук окуу китептерди колдонуу, AVN боюнча берилген маалыматтар абдан баалуу болду. Жыйынтыгында угуучулар практикалык сабактарды өткөргөн окутуучуларга терең ыраазычылыктарын билдиришип, сабак максатына жеткендигин белгилешти. Курс 3 – апрелде аяктап, 26 угуучуга курстун программасын толук өздөштүргөндүктөрү үчүн Республикалык иилимий методикалык борбордун директору А.Д. Карабаев сертификаттарды тапшырды



ҮСТҮБҮЗДӨГҮ ЖЫЛДЫН 30-АПРЕЛИНДЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУНДА “КЕСИПТИК БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН КЕСИПТИК ЧЕБЕРЧИЛИГИН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА ОКУТУУ МАЗМУНУН ЖАҢЫЛОО АРКЫЛУУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО” ДЕГЕН ТЕМАДА ТЕГЕРЕК СТОЛ ӨТКӨРҮЛДҮ. БУЛ ИШ-ЧАРАГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН ӨКҮЛДӨРҮ, КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ СЕРТИФИКАЦИЯЛОО БОРБОРУНУН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ, ИШ БЕРҮҮЧҮЛӨР, КЕСИПТИК БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ, ОШОНУ МЕНЕН КАТАР РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУНУН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ, “СЕКТОРДУ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ: ИНКЛЮЗИВДИК ӨСҮҮ ҮЧҮН КӨНДҮМДӨР” ДОЛБООРУНУН ӨКҮЛДӨРҮ КАТЫШТЫ. ТЕГЕРЕК СТОЛДУН ЖҮРҮШҮНДӨ КАТЫШУУЧУЛАР ОМОКТУУ ОЙЛОРУН ОРТОГО САЛЫШЫП, КЫЗЫКТУУ МАЕК КУРУШТУ.

МЫНДАГЫ НЕГИЗГИ МАКСАТ: ЭМГЕК РЫНОГУНУН ТАЛАПТАРЫНА ЫЛАЙЫК КАДРЛАРДЫ ДАЯРДООНУН МАЗМУНУН ЖАҢЫЛОО АРКЫЛУУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУНУН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИН ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАРДЫ КИРГИЗҮҮ БОЮНЧА “АЛДЫҢКЫ ТАЖРЫЙБА БОРБОРЛОРУНУН” КЕСИПТИК БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ РОЛУН ТАЛКУУЛОО.

БУЛ ӨТКӨРҮЛГӨН ТЕГЕРЕК СТОЛДУН ЖҮРҮШҮНДӨ ОКУТУУНУН МАЗМУНУН КАЙРА КАРАП ЧЫГУУ, ОКУТУУЧУЛУК КУРАМДЫН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК БИЛИМИН ЖОГОРУЛАТУУ БОЮНЧА АБДАН КЫЗЫКТУУ ТАЛКУУ БОЛДУ. АНДАН ТЫШКАРЫ “АЛДЫҢКЫ ТАЖРЫЙБА БОРБОРУНУН” ӨНҮКТҮРҮҮ ТАЖРЫЙБАСЫ, КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ АНЫН АЛКАГЫНДА СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮК БОЮНЧА ИШ ТАЖРЫЙБАСЫ ЖАНА ДУАЛДЫК ОКУТУУ СИСТЕМАСЫ БОЮНЧА КЫЗЫКТУУ СУРООЛОР ДА ТАЛКУУДАН ӨТТҮ.



# КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ БОЮНЧА ЛИЦЕЙЛЕРДЕ ӨТКӨРҮЛГӨН

## “АЧЫК ЭШИКТЕР КҮНҮ”.


16 – апрелде № 5 кесиптик лицейинде “Ачык эшиктер күнү” өткөрүлдү. Чүй облусунда жайгашкан лицейлерден 800 дөн ашык окуучулар келишип, лицей менен таанышып кетишти. Лицейдин окутуучулары жана устаттары келген коноктору тосуп алышып, лицейдин устаканалары жана окуу кабинеттери менен тааныштырышты. Экскурсия бүткөндөн кийин жыйындар залында студенттер, бүтүрүүчүлөр, иш берүүчүлөр менен жолугушуу өткөрүлдү. Жолугушуунун соңунда кесиптик лицейдин студенттери тарабынан даярдалган концерттик программа, флешмобдор, мастер – класстар көрсөтүлдү. Келген окуу-чулар № 5 кесиптик лицей тууралуу жана кандай кесипке даярдай тургандыктары жөнүндө толук маалымат алып кетишти.








# “КИТЕП КЕРБЕНИ” – ТАЛАС ЖЕРГЕСИНДЕ.












2024-ЖЫЛДЫН 24-АПРЕЛИНДЕ “КИТЕП КЕРБЕНИНИН” САПАРЫ ТАЛАС РАЙОНУНДАГЫ № 110 КЕСИПТИК ЛИЦЕЙИНДЕ УЛАНТЫЛДЫ. БУЛ ИШ-ЧАРА “КИТЕПКЕ АЙЛАНГАН ӨМҮР” ДЕГЕН ТЕМАДА ЖОГОРКУ ДЕҢГЭЭЛДЕ ӨТКӨРҮЛДҮ. ИШ – ЧАРАНЫН АЛКАГЫНДА ОКУУ ЖАЙДЫН МУГАЛИМДЕРИ ЖАНА ОКУУЧУЛАРЫ ТАРАБЫНАН ТАЛАС ОБЛУСУНАН ЧЫККАН ДҮЙНӨГӨ АТЫ ТААНЫМАЛ АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАРЫБЫЗДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ ОКУЛУП, ТЕАТРЛАШТЫРЫЛГАН КОНЦЕРТТИК ПРОГРАММА ТАРТУУЛАНДЫ. КЕЗЕКТЕГИ “КИТЕП КЕРБЕНИНИН” САПАРЫ № 6 КЕСИПТИК ЛИЦЕЙИНДЕ УЛАНТЫЛМАКЧЫ. “КИТЕП КЕРБЕНИНИН” САПАРЫ БАЙСАЛДУУ БОЛСУН!



# ОШ ШААРЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН “ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИК” КУРСУ.

ҮСТҮБҮЗДӨГҮ ЖЫЛДЫН 8-АПРЕЛИНЕН 17-АПРЕЛИНЕ ЧЕЙИН КЕСИПТИК ОРТО ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ БОЮНЧА КЕЗЕКТЕГИ КУРС ОШ МАМЛЕКЕТТИК НИЯЗАЛЫ АТЫНДАГЫ МУЗЫКАЛЫК ОКУУ ЖАЙЫНДА ӨЗ ЖЕРИНДЕ ӨТКӨРҮЛДҮ. КУРСТУН ТЕМАСЫ “ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИК”. БУЛ КУРСКА АТАЛГАН ОКУУ ЖАЙДАН 35 ОКУТУУЧУ КАТЫШТЫ.

КУРСТУН ӨЗ ЖЕРИНДЕ ӨТКӨРҮЛҮШҮНҮН СЕБЕБИ: БУЛ УБАККА ЧЕЙИН РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУ АРКЫЛУУ ӨТКӨРҮЛГӨН КУРСКА АТАЛГАН ОКУУ ЖАЙДЫН ОКУТУУЧУЛАРЫ КАТЫШЫП, АЛАР ӨТКӨРҮЛГӨН КУРСТУН ДЕҢГЭЭЛИН АБДАН ЖОГОРУ БААЛАШКАН. ОШОНУН НЕГИЗИНДЕ ОКУУ ЖАЙДЫН АДМИНИСТРАЦИЯСЫ РЕСПУБ ЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУНУН ЖЕТЕКЧИЛИГИНЕ КЕЗЕКТЕГИ КУРСТУ ӨЗ ЖЕРИНДЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ӨТҮНҮЧҮ МЕНЕН КАЙРЫЛГАН.

ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИНИН ДОКТОРУ, ПРОФЕССОР К.Д.ДОБАЕВ, ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ, ДОЦЕНТ А.Р.КЫДЫРАЛИЕВА ОРТО КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙДЫН МУГАЛИМДЕРИНЕ ИНТЕРРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОР МЕНЕН КЫЗЫКТУУ, ЖАНДУУ САБАКТАРДЫ ӨТҮШҮП, МУГАЛИМДЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИГИН ЖОГОРУЛАТЫШТЫ.

ОКУУ ПЛАНЫНЫН МАЗМУНУНА ЫЛАЙЫК КОЮЛГАН ТЕМАЛАР ОКУТУУЧУЛАРГА ТРЕНЕРЛЕР ТАРАБЫНАН АБДАН ТЕРЕҢ ЖАНА МАЗМУНДУУ БЕРИЛИП, НАТЫЙЖАДА УГУУЧУЛАРДЫН ЗОР КЫЗЫГУУСУН ЖАРАТТЫ. ӨЗ КЕЗЕГИНДЕ ОКУТУУЧУЛАР ДА САБАКТАРГА АКТИВДҮҮ КАТЫШЫП, ӨЗДӨРҮН КЫЗЫКТЫРГАН СУРООЛОРДУ БЕРИШТИ ЖАНА АБДАН ЖЕТКИЛИКТҮҮ, ТОЛУК КАНДУУ ЖООПТОРДУ АЛА АЛЫШТЫ.

КУРСТУН ЖҮРҮШҮНДӨ УГУУЧУЛАР УШУЛ ТЕМАДАГЫ, ДЕГЕЛЕ ПЕДАГОГИКА ЖААТЫНДАГЫ БИЛИМДЕРДИ, ТҮШҮНҮКТӨРДҮ ЖАНА МААЛЫМАТТАРДЫ ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ АЛУУ – МЕЗГИЛДИН ТАЛАБЫ ЭКЕНДИГИН АЙТЫШТЫ.

ОКУТУУЧУЛАРДЫН КӨПЧҮЛҮК БӨЛҮГҮНДӨ ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМИ БОЛСО ДА, АТАЛГАН КУРСТА БЕРИЛИП ЖАТКАН БИЛИМДЕР, МААЛЫМАТТАР АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ ЗАМАНБАП ПЕДАГОГИКАНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ ЭКЕНДИГИНЕ ЫНАНЫШТЫ. ЧЫНДЫГЫНДА АЗЫРКЫ УЧУРДА ОКУТУУЧУЛАР КЕСИПКӨЙ АДИСТЕРДИ ДАЯРДООДО АБДАН КӨП КӨЙГӨЙЛӨР БОЛУП ЖАТКАНДЫГЫН АЙТЫП ӨТҮШТҮ. УШУЛ КӨЙГӨЙЛӨРДҮН АЛДЫН АЛУУДА АТАЛГАН КУРСТАГЫ БЕРИЛИП ЖАТКАН БИЛИМДЕРДИН, МААЛЫМАТТАРДЫН СӨЗСҮЗ ТҮРДӨ ЖАРДАМЫ ТИЕ ТУРГАНДЫГЫН БАСА БЕЛГИЛЕШТИ.

БУЛ ОКУУ ЖАЙ 1963-ЖЫЛЫ ТҮПТӨЛГӨН. УЧУРДА ОКУУ ЖАЙДЫ Н.Т.КАРИМОВ ЖЕТЕКТЕЙТ. ТҮЗҮЛГӨН ЖЫЛДАН БЕРИ АР ТҮРДҮҮ ТАРМАКТАР БОЮНЧА КӨПТӨГӨН АДИСТЕР ДИ ДАЯРДАП ЧЫГАРЫШТЫ. АЛАРДЫН КӨПЧҮЛҮГҮ АЗЫР БЕЛГИЛҮҮ ЖАНА АТАКТУУ МУЗЫКАНТТАР. МИСАЛЫ: КРНЫН ЭЛ АРТИСТИ К.ТУРАПОВ, З.МАВЛЯНОВА, Г.ЖОЛДОШЕВА Ж.Б.

ОКУУ ЖАЙ АЧЫЛГАНДАН БЕРИ 10 БӨЛҮМ ИШ АЛЫП БАРАТ. АЛАР: ФОРТЕПИАНО, СТРУННА БӨЛҮМҮ, ДУХОВОЙ АСПАПТАР БӨЛҮМҮ, КЫРГЫЗ ЭЛДИК АСПАПТАР БӨЛҮМҮ, ОРУС ЭЛДИК АСПАПТАР БӨЛҮМҮ, ЫРДОО БӨЛҮМҮ, ХОР ДИРИЖЁР БӨЛҮМҮ, МУЗЫКАНЫН ТЕОРИЯСЫ БӨЛҮМҮ. АНДАН ТЫШКАРЫ ЖАЛПЫ ДИСЦИПЛИНАРДЫ ОКУТУУ БӨЛҮМҮ. БӨЛҮМДӨРДӨ ДАЙЫМА МЕТОДИКАЛЫК ЖАРДАМДАР КӨРСӨТҮЛҮП, АЧЫК САБАКТАР ӨТҮЛӨ ТУРГАНДЫГЫНА КҮБӨ БОЛДУК. БУЛ СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМДЕРИН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ ЧОҢ САЛЫМ КОШОТ.

КУРСТУН СОҢУНДА 35 ОКУТУУЧУГА СЕРТИФИКАТТАР САЛТАНАТТУУ ТҮРДӨ ТАПШЫРЫЛДЫ.

# БАТКЕНДЕ ӨТКӨРҮЛГӨН КЕЗЕКТЕГИ БИЛИМДИ ЖОГОРУЛАТУУ КУРСУ.

2024-ЖЫЛДЫН 22-АПРЕЛИНЕН 30-АПРЕЛИНЕ ЧЕЙИН БАТКЕН ЖАНА ОШ ОБЛУСТАРЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН КЕСИПТИК ЛИЦЕЙЛЕРИНИН ӨНДҮРҮШТҮК ОКУТУУНУН МЕТОДИКАЛЫК ИШТЕРИ БОЮНЧА ДИРЕКТОРЛОРДУН ОРУН БАСАРЛАРЫ ЖАНА АТАЙЫН ПРЕДМЕТТЕР БОЮНЧА МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН 72 СААТТЫК КУРСТАР ӨТКӨРҮЛДҮ. БУЛ БИЛИМДИ ЖОГОРУЛАТУУ КУРСУ БАТКЕН ОБЛУСУНУН КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНДАГЫ № 70 КЕСИПТИК ЛИЦЕЙИНДЕ УЮШТУРУЛДУ.

“СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮК АРКЫЛУУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ” КУРСУНА 18 ДИРЕКТОРДУН ОРУН БАСАРЛАРЫ, “АТАЙЫН ПРЕДМЕТТЕР БОЮНЧА ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ӨНДҮРҮШТҮК ОКУУНУ УЮШТУРУУНУН ЫКМАЛАРЫ” КУРСУНА 41 МУГАЛИМ КАТЫШТЫ.






АТАЛГАН КУРСТА ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН МУГАЛИМДЕРДИН БИЛИМИН ЖОГОРУЛАТУУ ИНСТИТУТУНУН ДИРЕКТОРУ, ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ Т. А. ДЖОРОЕВ, ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ПРОРЕКТОРУ, ДОЦЕНТ, ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ Н. А. МАПАЕВА, ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН МУГАЛИМИ, ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ М.М. САБИРОВА, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУНУН ДИРЕКТОРУНУН ОРУН БАСАРЫ А.Н.САТТАРОВА УГУУЧУЛАРГА ЗАМАНБАП ЫКМАЛАРДЫ КОЛДОНУШУП, САБАКТЫН КЫЗЫКТУУ УСУЛДАРЫ ЖӨНҮНДӨ КЕҢИРИ МААЛЫМАТ БЕРИШТИ. САБАККА УГУУЧУЛАР АКТИВДҮҮ КАТЫШЫП, ӨЗДӨРҮНӨ АЗЫРКЫ КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ КОЛДОНУЛУУЧУ ЗАМАНБАП ЫКМАЛАР ЖӨНҮНДӨ ТОЛУК МААЛЫМАТ АЛА АЛЫШТЫ.

КУРС АЯКТАГАНДА АР БИР УГУУЧУГА СЕРТИФИКАТТАР ТАПШЫРЫЛДЫ. АНДАН ТЫШКАРЫ УГУУЧУЛАР ӨЗ ОЙ-ПИКИРЛЕРИН “УГУУЧУЛАР ҮЧҮН СУРАМЖЫЛОО” БАРАКЧАСЫНА УЮШТУРУУЧУЛАРГА ТЕРЕҢ ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ МЕНЕН ЖАЗЫП КАЛТЫРЫШТЫ.

# МУГАЛИМДЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ КУРСУ.

ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН АЛДЫНДАГЫ ПРОФЕССИОНАЛДЫК КОЛЛЕДЖДИН БАЗАСЫНДА 2024-ЖЫЛДЫН 18-АПРЕЛИНЕН 27-АПРЕЛИНЕ ЧЕЙИН “ПЕДАГОГИКА ЖАНА ПСИХОЛОГИЯ” ТЕМАСЫНДА МУГАЛИМДЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ КУРСУ ӨТКӨРҮЛДҮ.

БУЛ КОЛЛЕДЖ 2004-ЖЫЛЫ 14-МАЙДА ЭКОНОМИКА ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ АКМАТОВ АСКАР АГАЙДЫН ДЕМИЛГЕСИ МЕНЕН НЕГИЗДЕЛГЕН. БҮГҮНКҮ КҮНДӨ КОЛЛЕДЖДИ КАНЫБЕК УУЛУ АРДАК ЖЕТЕКТЕП КЕЛЕТ. КОЛЛЕДЖДЕ ЭКОНОМИКА ЖАНА ФИНАНСЫ, ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА КОТОРМО БӨЛҮМДӨРҮ БАР.

БУЛ ОКУУ ЖАЙГА 9-КЛАССТЫН ЖАНА 11-КЛАССТЫН БАЗАСЫНДА КОНТРАКТЫК НЕГИЗДЕ КАБЫЛ АЛЫНАТ.

КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ КУРСУНА БАРДЫГЫ 38 МУГАЛИМ КАТЫШТЫ. КУРСТУН КӨЛӨМҮ 72 СААТТЫК НЕГИЗДЕ ӨТҮЛДҮ. БУЛ КУРС ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ БӨЛҮМҮНҮН 2024-ЖЫЛГА КАРАТА ИШ ПЛАНЫНЫН НЕГИЗИНДЕ УЮШТУРУЛГАН.






МУГАЛИМДЕРДИН ЖАНА МЕТОДИСТТЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ, ПЕДАГОГИКА ЖАНА ПСИХОЛОГИЯ ТАРМАГЫНДА КЕСИПТИК ЧЕБЕРЧИЛИКТЕРИН ӨНҮКТҮРҮҮ, ЖАШТАРГА ЖАШ КУРАККА БАЙЛАНЫШТУУ ПСИХОЛОГИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН, АЛАРДЫН КАЛЫПТАНЫШЫНЫН НЕГИЗГИ ФАКТОРЛОРУН ҮЙРӨТҮҮ МАКСАТЫН ДА ДОЦЕНТ, КАФЕДРА БАШЧЫСЫ А.Р.КЫДЫРАЛИЕВА, ПРОФЕССОР К.Д.ДОБАЕВ, АГА ОКУТУУЧУ К.С.БООБЕКОВА ТАРТЫЛДЫ.

КУРСТУН СОҢУНДА СЕРТИФИКАТТАРДЫ ТАПШЫРУУ АЗЕМИ 2024-ЖЫЛЫ 27-АПРЕЛДЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУНДА ӨТТҮ.



# **“Эмгек – адамдын жашоосунда”** аттуу темада өткөрүлгөн Республикалык эссе сынагынын экинчи этабынын жыйынтыгы.

ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА АЛАРДЫ ДЕМИЛГЕЛӨӨ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ЖУМУШЧУ КЕСИПТЕРГЕ КЫЗЫГУУЛАРЫН АРТТЫРУУ МАКСАТЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУНУН ДЕМИЛГЕСИ МЕНЕН 2023-ЖЫЛЫ 6-СЕНТЯБРДА № 01 – 3/145 КАЙРЫЛУУСУНУН НЕГИЗИНДЕ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН АРАСЫНДА ЭССЕ СЫНАГЫН ӨТКӨРҮҮ СУНУШТАЛГАН. БУЛ МАКСАТТА ЭССЕ СЫНАГЫН ӨТКӨРҮҮГӨ КАРАТА ЖОБО ИШТЕЛИП ЧЫГЫП, БАРДЫК КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНА ЖИБЕРИЛГЕН.

ЖОБОНУН НЕГИЗИНДЕ ЭССЕ СЫНАГЫ ЭКИ ЭТАП МЕНЕН ӨТКӨРҮЛҮП, БИРИНЧИ ЭТАБЫНДА “КЕСИПТИ ТУУРА ТАНДОО – КЕЛЕЧЕККЕ ИЙГИЛИКТҮҮ КАДАМ” ТЕМАСЫ БОЮНЧА 61 ОКУУЧУ КАТЫШТЫ.

2023 – ЖЫЛДЫН 25-26-ДЕКАБРЫНДА 1-ЭТАПТЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЧЫГАРЫЛЫП, “ЭҢ ЖАКШЫ” ДЕГЕН БААГА ТАТЫКТУУ БОЛГОН ЭССЕЛЕР РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУНУН САЙТЫНА ЖАНА “КУТ БИЛИМ”, “ТИЛ ЖАНА МАДАНИЯТ” ГЕЗИТТЕРИНЕ ЖАРЫЯЛАНГАН. АЛДЫҢКЫ БААГА ТАТЫКТУУ БОЛГОН ОКУУЧУЛАРГА “ЫРААЗЫЧЫЛЫК КАТТАРЫ” ЖӨНӨТҮЛДҮ.

ЭССЕНИН ЭКИНЧИ ЭТАБЫ 2024-ЖЫЛДЫН 1-ФЕВРАЛЫНДА “ЭМГЕК – АДАМДЫН ЖАШООСУНДА” ДЕГЕН ТЕМАДА БАШТАЛЫП, 3 – АПРЕЛДЕ ЖЫЙЫНТЫГЫ ЧЫГАРЫЛДЫ. СЫНАКТЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ ТӨМӨНКҮ КРИТЕРИЙЛЕРДИН НЕГИЗИНДЕ АНЫКТАЛДЫ.

1. ЭССЕНИН ТОЛУКТУГУ ЖАНА МАЗМУНУ.
2. ТУУРАЛАП ФОРМАЛОО ТАЛАПТАРЫН САКТОО.
3. ЛОГИКАЛЫК, НЕГИЗДҮҮ БАЯНДОО, АВТОРДУН ПОЗИЦИЯСЫ.
4. ЭССЕНИН СТИЛИ ЖАНА САБАТТУУЛУГУ.

СЫНАККА ЖАЛПЫСЫНАН 59 ОКУУЧУНУН ЭССЕСИ КЕЛГЕН. ОКУУЧУЛАР ЭМГЕКТЕРИН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА РАСМИЙ ТИЛДЕРДЕ ЖӨНӨТҮШТҮ. АКТИВДҮҮ КАТЫШКАН КЕСИПТИК ЛИЦЕЙЛЕР ТӨМӨНКҮЛӨР:

ЧҮЙ ОБЛУСУ – 11 ОКУУЧУ КАТЫШТЫ. КЛ № 105, 37, 25
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ – 10 ОКУУЧУ КАТЫШТЫ. КЛ № 2, 22, 14.
ОШ ОБЛУСУ – 25 ОКУУЧУ КАТЫШТЫ. КЛ № 54, 59, 16, 12, 109, 65.
ТАЛАС ОБЛУСУ – 3 ОКУУЧУ КАТЫШТЫ. КЛ. № 110, 14, 41.
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ – 4 ОКУУЧУ КАТЫШТЫ. КЛ № 108, 77.
БАТКЕН ОБЛУСУ – 3 ОКУУЧУ КАТЫШТЫ. КЛ № 70.
НАРЫН ОБЛУСУ – 3 ОКУУЧУ КАТЫШТЫ. КЛ № 26, 87.

АЙРЫМ ОКУУ ЖАЙДЫН ОКУУЧУЛАРЫ ЖАЗЫП ЖИБЕРГЕН ЭССЕЛЕРИ ӨТКӨН ЖОК. СЕБЕБИ СЫНАКТЫН ЖОБОСУНУН ТАЛАПТАРЫНА ЖООП БЕРБЕЙ КАЛДЫ.

ОКУУЧУЛАР ӨЗДӨРҮНҮН ЖАЗГАН ЭССЕЛЕРИНДЕ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН КӨРСӨТҮШТҮ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ИШКЕ ЖАНА ТАНДАП АЛГАН КЕСИБИНЕ КАРАТА ӨЗ ПОЗИЦИЯСЫН БИЛГИЧТИК МЕНЕН БЕРЕ АЛЫШТЫ.

СЫНАКТЫН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА КОМИССИЯ МҮЧӨЛӨРҮ КАТЫШУУЧУЛАРДЫН СЫНАКТЫК ИШТЕРИН КАРАП, БЕРИЛГЕН ИШТЕРДИН ИЧИНЕН ЭҢ МЫКТЫ 10 ЭССЕНИ АНЫКТАДЫ.

СЫНАКТЫК КОМИССИЯ ТӨМӨНДӨГҮ ОКУУЧУЛАРДЫН ИШТЕРИН “ЭҢ ЖАКШЫ” ДЕП БААЛАДЫ:

-ЧҮЙ ОБЛУСУ:
-КЛ № 105 – КААРОВА НИГИНА – 9,5 БАЛЛ;
-КЛ № 105 – БЕЙШЕНБЕКОВ МУХАМЕД – 9,75 БАЛЛ;
-КЛ № 37 – ТУР АННА АЛЕКСЕЕВНА – 9,75 БАЛЛ;
-ЫСЫК – КӨЛ ОБЛУСУ:
-КЛ № 2 – АКМАТОВА МАЛИКА – 10 БАЛЛ;
-КЛ № 22 – ЖЭЭНГАЗИЕВ АМАНКЕЛДИ – 9,75 БАЛЛ;
-КЛ № 14 – СТРИЖЕУС ИЛЬЯ – 9,5 БАЛЛ;
-ОШ ШААРЫ:
-КЛ № 16 – БЕЛЕКОВА КЫЗЖИБЕК – 9,5 БАЛЛ;
-ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ:
-КЛ № 108 – САТЫБАЕВ АДАХАН – 9,2 БАЛЛ;
-НАРЫН ОБЛУСУ:
-КЛ № 87 – КЕНЖЕБАЕВА БЕГИМАЙ – 9 БАЛЛ;
-КЛ № 26 – УЛАНОВА АЙНУРА – 9,5 БАЛЛ.

ЭССЕ СЫНАГЫНЫН ЭКИНЧИ ЭТАБЫНЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУНУН САЙТЫНА ЖАНА МАССАЛЫК-МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНА “ТИЛ ЖАНА МАДАНИЯТ”, “КУТ БИЛИМ” ГЕЗИТТЕРИНИН БЕТТЕРИНЕ ЖАРЫЯЛАНЫП, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ЖЕҢҮҮЧҮЛӨР ДИПЛОМ ЖАНА БААЛУУ СЫЙЛЫКТАР МЕНЕН СЫЙЛАНЫШТЫ.

МЫНДАН ТЫШКАРЫ КАЛГАН КАТЫШУУЧУЛАРГА АКТИВДҮҮ КАТЫШКАНДЫГЫ ҮЧҮН “ЫРААЗЫЧЫЛЫК КАТТАРЫ” ТАПШЫРЫЛДЫ.

# «МЕНИН КЕЛЕЧЕКТЕГИ КЕСИБИМ»

# АТТУУ СҮРӨТ СЫНАГЫ.

РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУНУН ДЕМИЛГЕСИ МЕНЕН КЕСИПТИК БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН АРАСЫНДА “МЕНИН КЕЛЕЧЕКТЕГИ КЕСИБИМ” АТУУ СУРӨТ СЫНАГЫ ЖАРЫЯЛАНГАН. СЫНАК 2024-ЖЫЛДЫН 15-ФЕВРАЛЫНАН 1-АПРЕЛИНЕ ЧЕЙИН ӨТКӨРҮЛДҮ.

БУЛ СЫНАКТЫН НЕГИЗГИ МАКСАТЫ ТӨМӨНКҮДӨЙ БОЛДУ.

1.ОКУУЧУЛАРДЫ ЖУМУШЧУ КЕСИПТЕРГЕ БОЛГОН КЫЗЫГУУЛАРЫН АРТТЫРУУ.

2.ЖУМУШЧУ КЕСИПТЕРДИН ЖАНА АДИСТИКТЕРДИН АБРОЮН КӨТӨРҮҮ.

3.ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН ЖАНА ТАЛАНТТАРЫН ӨСТҮРҮҮ.

4.КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮККӨ КЫЗЫГУУЛАРЫН ЖАНА УМТУЛУУЛАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ.

5.ЖӨНДӨМДҮҮ ЖАНА ТАЛАНТТУУ ОКУУЧУЛАРДЫ КОЛДОО ЖАНА СЫЙЛОО.

БУЛ СЫНАККА 16 КЕСИПТИК ЛИЦЕЙЛЕРДИН ОКУУЧУЛАРЫ КАТЫШТЫ ЖАНА АЛАРДАН 81 СҮРӨТ СЫНАК КОМИССИЯСЫНА ЖИБЕРИЛДИ.

СЫНАКТЫН ЖОБОСУНА ЫЛАЙЫК КАТЫШУУЧУЛАР ҮЧТӨН АШЫК ЭМЕС ИШТЕРИН ЖИБЕРҮҮЛӨРҮ КЕРЕК БОЛГОНДУКТАН, КОМИССИЯНЫН КАРООСУНА 45 СҮРӨТ КЕЛДИ. КОМИССИЯ МҮЧӨЛӨРҮ ЭҢ ЖАКШЫ ИШТЕРДИ ТӨМӨНКҮ КРИТЕРИЙЛЕРДИН НЕГИЗИНДЕ ТАНДАДЫ:

1.ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ, АВТОРДУК ИДЕЯСЫ ЖАНА ОРИГИНАЛДУУЛУГУ.

2.БЕРИЛГЕН ТЕМАТИКАГА ШАЙКЕШ КЕЛИШИ.

3.ЧЕБЕРЧИЛИГИ ЖАНА АТКАРУУ ЧЕБЕРЧИЛИГИ.

4.КӨРКӨМ ЭСТЕТИКАЛЫК ОЙ-ТОЛГООСУ.

5.АВТОРДУК АТКАРУУНУН ОРИГИНАЛДУУЛУГУ ЖАНА ТЕМАНЫ АЧЫП БЕРҮҮДӨГҮ ТЕРЕНДИГИ.

6.ЭМОЦИАНАЛДУУЛУГУ, ОБРАЗДЫ ЧАГЫЛДЫРУУСУ, ТААСИРДҮҮЛҮГҮ.

7.ТҮСТӨРДҮ ПАЙДАЛАНА БИЛҮҮСҮ.

ЖЫЙЫНТЫГЫНДА СЫНАКТЫК КОМИССИЯ ТӨМӨНДӨГҮ ОКУУЧУЛАРДЫН ИШТЕРИН “ЭҢ ЖАКШЫ” ДЕП БААЛАДЫ:

№ 22 КЛ – ОРОЗОВ МАРЛИС.

№110 КЛ –ТУРАРОВА АЙЗИРЕК.

№ 20 КЛ – БЕКТЕМИРОВ ЗИЯБИН, НУРДИНОВ МЕЛИХАН.


№ 94 КЛ – КУБАНЫЧБЕКОВА АЙЖАМАЛ.


№ 54 КЛ – ИСКЕНДЕРОВ АЗАМАТ.

№ 10 КЛ – БЕКБОЛОТОВА АКБЕРМЕТ.

СЫНАКТЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ МЕНЕН ЖОГОРУДАГЫ ОКУУЧУЛАР РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУНУН АРДАК ГРАМОТАЛАРЫ ЖАНА БААЛУУ БЕЛЕКТЕР МЕНЕН СЫЙЛАНДЫ.






«Ландшафт моего сада»
Директор ПЛ№20 Тологбаев Максатбек Жакшылыкович
Группа ЦДЛ -23 Нурдинова Мелихан


«Энергетика - основа жизни»
Директор ПЛ №20 Толобаев Максатбек Жанышылыкович
Группа ЭМС-1-22 Бектемиров Зиябидин


Тема: «Я сварщик»,Орозов Марлиз
ПЛ №22 им. Т.Ибраева г. Балыкчы
группа «Электрогазосварщик-2»
И.о директор Абдырасулова Керез Иманкуловна


"Келечектеги менин кесибим"
№:110 кесиптик лицей.
Б-98 группасы.

# АКЫРКЫ КОҢГУРОО САЛТАНАТЫ.



25-МАЙДА ӨЛКӨБҮЗДҮН БАРДЫК АЙМАКТАРЫНДАГЫ МЕКТЕПТЕРДЕ БЫЙЫЛКЫ ОКУУ ЖЫЛЫНЫН "АКЫРКЫ КОҢГУРООСУ" КАГЫЛМАКЧЫ. АР БИР УЮТКУЛУУ МЕКТЕПТЕРДЕ БУЛ АЗЕМ АЗЫРКЫ ШАРТКА ЫЛАЙЫКТУУ ТАЛАПТАРДЫ САКТОО МЕНЕН БЕЛГИЛЕНМЕКЧИ.

УБАКЫТ ДЕГЕН ЗЫМЫРАП УЧКАН КУШ. МЫНДАН ОН БИР ЖЫЛ МУРУН АТА-ЭНЕСИНИН КОЛУНАН БЕКЕМ КАРМАП, ЖҮРӨКТӨГҮ КУБАНЫЧ МЕНЕН МЕКТЕПТИН БОСОГОСУН АТТАГАН УЛАН-КЫЗДАР БҮГҮН МЕЗГИЛ КЕЛИП, 11 ЖЫЛ БИЛИМ АЛГАН АЛТЫН, ЖЫЛУУ УЯСЫНАН КАНАТ КАГЫП, АР КИМИСИ АР ЖАКТАРГА УЧКАНЫ ТУРАТ.

МУГАЛИМДЕРДИН ТАЛЫКПАЙ БЕРГЕН БИЛИМИН, ТАТЫКТУУ ТАРБИЯСЫН, АТА-ЭНЕНИН АК МЭЭНЕТИН АКТАГАН, КЕЛЕЧЕКТЕ ЭЛ ҮЧҮН КЫЗМАТ КЫЛГАН, ЭЛ КЕРЕГИНЕ ЖАРАГАН МЫКТЫ АТУУЛДАРДАН БОЛУШАТ ДЕП ТЕРЕҢ ИШЕНИМ АРТАБЫЗ.

КЫМБАТТУУ БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР, ТУРМУШТУН ДАҢГЫР ЖОЛУНА АТТАНЫП ЖАТКАН САПАРЫҢАР БАЙСАЛДУУ БОЛСУН. АЗЫР СИЛЕР КАНАТ КҮҮЛӨП ТАЛПЫНЫП, МАКСАТ КЫЛГАН КЕСИПКЕ ЭЭ БОЛУУГА ДИЛГИРЛЕНИП, КЫЗЫКТУУ КЫЯЛДАРДЫН КУЧАГЫНДА ЖҮРӨСҮҢӨР. АР ДАЙЫМ ТИЛЕГИҢЕР ОРУНДАЛСЫН. МУГАЛИМДЕН, АТА-ЭНЕДЕН АЛГАН АДАМГЕРЧИЛИКТИН, АДЕП-АХЛАКТЫН ҮЛГҮЛӨРҮ СИЛЕРДИН ТӨРТ ТАРАБЫ ТӨП КЕЛГЕН УЛУУ ИНСАН БОЛУШУҢАРГА ТААСИРИ ТИЙСИН.





# НАКЫЛ КЕПТЕР

АДАМ АКЫЛЫ МЕНЕН АДАМ,
АНСЫЗ БАСАЛБАС БИР ДА КАДАМ.

АДАЛ ЭМГЕК – ЭЛГЕ ЖЕТКИРЕТ,
АРАМДЫК, КУУЛУК – ЭЛДЕН КЕТИРЕТ.

АДАМДЫ СӨЗҮНӨН ТААНЫБАЙТ, ЖАСАГАН ИШИНЕН ТААНЫЙТ.

БАЛАҢДЫ ЭЛИҢ МАКТАСА,
АНДАН АШКАН БАКЫТ ЖОК.

АК ЭМГЕК АЗАПТАН КОРГОЙТ.

АДАМ АК ЭМГЕГИ МЕНЕН ДАҢКТУУ.

АДАМДЫН АКЫЛДУУЛУГУ АЙТКАН ЖООБУНАН ЭМЕС, БЕРГЕН СУРООСУНАН БИЛИНЕТ.

КӨП БИЛГЕН АКЫЛМАН ЭМЕС, БИЛИМИ ЭЛГЕ КЕРЕКТҮҮ АДАМ – АКЫЛМАН.

ЧЫНЧЫЛДЫК ИЧИНДЕ ӨСКӨН БАЛА – АДИЛЕТТҮҮ БОЛУУНУ ҮЙРӨНӨТ.

КУБАТТОО ИЧИНДЕ ӨСКӨН БАЛА – БАШКАЛАРДЫ УРМАТТООНУ ҮЙРӨНӨТ.

КӨП ОЙЛОНУУ ЭМЕС, ТУУРА ОЙЛОНУУ ЗАРЫЛ.

